**Пасанова Клара Балтабаевнанын 07.00.02. – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунушталган «Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы)” деген темадагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасына расмий оппонент, тарых илимдеринин кандидаты, доцент Бедельбаев Аскарбектин**

**ПИКИРИ**

**1. Диссертациялык иштин актуалдуулугу.** Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон бери кыргыз элинин тарыхынын маселелери заман талабына жараша кайрадан каралууда. Марксизм-ленинизмдин идеяларына жана партиялык көрсөтмөлөргө таптык көз караштан бир жактуу каралган маселелерди кайрадан карап чыгып, тарыхый историзм принцибине таянуу менен обьективдүү баа берүү мезгилдин талабы болуп калды.

Өзгөчө орунда кыргыз коомунун тузүлүшүнүн тарыхый өнүгүү процессинде өзгөрүшүн, жаңы коомдук – экономикалык мамилелердин жана социалдык катмарлардын жаралышын ар тараптан изилдөө турат. Анткени рынок экономикасы менен жеке менчикке негизделген демократиялык коомду куруууда пайда болгон социалдык катмарлардын ири топтору өткөн доорлордогу социалдык титулдарды өздөрүнө ыйгарышып, чарба жүргүзүнүн унутулган ыкмаларын ж.б.мамилелерин коомдук өнүгүү процессине багыт киргизип жатышат. Мындай демилгелерди ишке ашырууда тарыхтын барактарын терең билбегендиктен айрым мүчүлүштүктөр кетүүдө. Андыктан сунушталган диссертациялык иш аталган өксүктүү толуктаары шексиз. Оторчулук доордогу салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн Россия империясынын таасири астында трансформацияланышын жаңы стратификациялык теориянын базасында изилдениши да проблеманын актуалдуулугун көрсөтүп турат. Демек диссертанттын илимий изилдөөсү кыргыз тарыхынын орчундуу жана актуалдуу маселелеринин бирине арналган.

**2. Диссертациялык ишке коюлган талаптардын чегиндеги илимий жыйынтыктар.** Пасанова Клара Балтабаевнанын илимий изилдөөсүнүн жыйынтыктары менен кортундулары так, ынанымдуу жана негиздүү берилген. Анын сунушталган жоболорунун өзөгүн төмөндөгүлөр түзөт.

1- жыйынтык. Кыргыздардын көчмөн коомдогу социалдык түзүлүшү узак мезгилди кучагына алып, патриархалдык-феодалдык, уруулук коомдо калыптанган.

2-жыйынтык. Россия империясынын курамына киргенден кийин салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү жаңы социалдык

КЫРНАЦУНИВЕРСИТЕТ
входящий № 04-8/60
«18» 11 2024 г.

катмарлашуу тышкы трансформациялык факторлордун таасири астында колониалык саясат жана европалык келгиндердин кыргыз жергесине көчүрүлүп келиши да социалдык өзгөрүүлөргө алып келген.

3-жыйынтык. Колониалдык бийлик жергиликтүү уруу-урук башчыларын төмөнкү кызмат орундарына пайдалануу менен бирге укуктарын чектей баштаган. Кабыл алынган административдик чечимдерде салттуу “ак сөөктөрдүн” таасирин азайтууга көңүл бурулган.

4-жыйынтык. Стратификациялык теорияны пайдалануу менен кыргыз коомунун тарыхый өнүгүшүндө социалдык түзүлүштүн толук картинасын жана коомдук кубулуштардын кеңири чөйрөсүн түзүүгө мүмкүнчүлүк түзүлдү.

5-жыйынтык .Социалдык тармактагы катмарлашуу “ак сөөк” топтордун кыйла трансформацияланышына-болуш, старчын, аткаминер сыяктуу катмарлардын пайда болушуна алып келген. Аларга падышалык бийлик чектелген укуктарды берген.

6-жыйынтык. “Ак сөөк” катмарына кирген манаптар, баатырлар, бийлер, байлар, колониалдык саясаттын таасири астында трансформацияга дуушар болушуп, салттуу аткарган функциялары өзгөргөн.

7-жыйынтык. Калктын негизги бөлүгүн түзгөн букаралардын социалдык катмарларынын арасында жаңы социалдык топтор – чайрикер, мандикер ж.б. пайда болгон. Келгиндер жана башка элдер менен түзүлгөн экономикалык, чарбалык жана маданий байланыштар коомдун өнүгүшүнө оң таасир тийгизген.

8-Кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы советтик мезгилдин алгачкы жылдары да уланган.

**3. Диссертациялык изилдөөдө чыгарылган корутундулар менен илимий жоболордун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү**

Диссертациялык иштеги аталган жыйынтыктар менен жоболор (корутундулар) алдыга коюлган так максаттар менен милдеттердин негизинде логикалык түрдө байланышкан баптардын мазмунуна таянуу менен чыгарылган.

1-жыйынтык. Илимий маселенин тарыхнаамасы революцага чейинки, советтик жана постсоветтик мезгилдерге бөлүнүп ар тараптуу талдоого алынган. Совет дооруна чейинки тарыхнаамада саякатчылардын, аймак таануучулардын жана жергиликтүү орус бийлигинин өкүлдөрүнүн эмгектери талдоого алынып, алар изилденген доордун өкүлдөрү экендиги белгиленет. Советтик мезгилдеги тарыхчылардын изилдөөлөрү кылдат

талдоого алынып, алардын каралган маселеге кошкон салымдары ошондой эле кемчиликтери белгиленген. Эгемендүүлүккө жеткенден кийинки мезгилде изилденген маселе боюнча маалыматтар саналуу окумуштуулардын эмгектеринде кезигээри, бирок илимий изилдөө багытындагы атайын эмгектер жок экендиги белгиленет.

2-жыйынтык. Илимий иштин булактык базасы, методологиясы жана изилдөө ыкмалары тарыхый булактар менен илимий теориялык эмгектерди талдоо аркылуу ынанымдуу ачылган.Изилдөөчү тарыхый булактарды 6 топко - архивдик, революцияга чейинки басылмалар, атайын түзүлгөн отчеттор, статистикалык – маалыматтык жылнаамалар, атайын түзүлгөн жыйнактар менен басма сөздөгу билдирүүлөр, жергиликтүү оозеки, санжыралык мүнөздөгү маалыматтарга бөлүнгөн. Мындай бөлүштүрүү тарыхый булактардын баалуулугун, өзгөчөлүктөрүн жана мүчүлүштүктөрүн ачып берүүгө шарт түзгөн.

3-жыйынтык. Изилдөөнүн методологиялык базасы менен методдору дүйнөлүк илимдин жетишкендиктерин пайдалануу менен жүргүзүлгөн. Башкы орунда историзм менен обьективдүүлүк принциптери туруп,тарыхый - генетикалык, тарыхый-салыштырмалуулук, тарыхый-системалык, жана тарыхый типологиялык методдор колдонулган. Изилдөөнүн предмети, обьектиси жана хронологиялык алкагы так аныкталышына эмгектин булактык базасы менен методологиясы өбөлгө түзгөн.

4-жыйынтык. Ар тараптуу изилдөөлөрдү жана бай тарыхый – документалдык булактарды кылдат пайдалануу менен салттуу кыргыз коомундагы социалдык – экономикалык өзгөрүүлөрдүн жүрушү кыйла терең чагылдырылган.

5-жыйынтык. Европалык келгиндердин кыргыз жергесине жайгашышы менен колониалдык эзүүнүн күч алышына карабастан чарбачылыкта - жер иштетүү, багбанчылык, балчылык багытында өзгөрүүлөр башталган. Ага өркүндөтүлгөн эмгек шаймандарынын таралышы, тажрыйба алмашуу ж.б. өбөлгө болгон.

6-жыйынтык. XIX кылымдын аягынан тарта көчмөн жарым көчмөн чарбалардын отурукташуусу башталган. Көчмөн дыйканчылык отурукташкан мал чарбачылык, аралаш мал чарбачылык, дыйканчылык чарбалары пайда болгону далилдүү баяндалган. Отурукташууга багыт алуу ички жана тышкы факторлордун таасири менен “чар жайыт”, ирээтсиз мүнөздө жүргөн.

7-жыйынтык. Социалдык катмарлашуунун күчөшү натуралдык чарбанын бузулушуна жана акча-товар маселесинин өнүгүшүнө алып келген. Натуралдык чарбанын товардык мүнөзгө өтүшү биринчиден, дыйкандардын жакырданышына экинчиден бай катмарлардын (кулактардын) пайда

болушуна шарт түзгөн. Соода - сатык мамилелеринин өнүгүшү көчмөндөрдүн социалдык турмушунда жаңы көрүнүштөрдү-жалданма эмгектин жана эзүүнүн түрлөрүн пайда болушуна, жиктешүү менен катмарлашууунун күч алышына алып келген. Бул фактылардын негизинде салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы ынанымдуу жана ар тараптуу изилденген.

8-жыйынтык. Диссертациялык иште салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү катмарлашуу процесси жаңы илимий өңүттөн бай маалыматтардын негизинде изилденген. Илимде талаш-тартышуу “ак сөөк” катмарлашуусу патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн өзгөчөлүгү жана колониалдык доордогу өзгөрүүлөрдүн натыйжасы катары бааланган. Алардын ичинде баатырларга, манаптарга, бийлерге жана байларга талдоо жүргүзүлүп, ар түрдүү факторлордун таасири менен айрым өзгөрүүлөргө дуушар болгондугу көрсөтүлгөн. Белгилүү орун калктын негизги бөлүгүн түзгөн букара катмары да жиктерге ажырай башталгандыгын даана көрсөтүүгө берилген. Изилдөөнүн натыйжасында чыгарылган корутунду негизги мазмундан алынып кыскача далилдүү жана так берилген.

**4. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги** анын структурасынын ыраатуу жана логикалык тыгыз биримдикте түзүлгөндүгүндө турат. К.Б.Пасанованын иши киришүүдөн 11 параграфты 4 баптан камтыган корутундудан жана колдонулган булактар менен адабияттардын тизмесинен турат

**5. Диссертациялык иштин негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.** Диссертациянын негизги жоболору корутундулары жана жыйынтыктары эл аралык жана республикалык журналдарда жарыяланган 6 илимий макалада чагылдырылган. Жарыяланган эмгектер КР УАКтын илимий даража ыйгаруу жөнүндө талаптарына жооп берет.

**6. Автореферattын дисеертациялык иштин мазмунуна дал келиши** Автореферат диссертациянын негизги мазмунун толугу менен кыскача камтыйт. Анын басылмасы КР УАК тын талаптарына ылайык даярдалып, кыргыз, орус, жана англис тилинде, бирдей резюме берилген.

**7. Диссертациялык иштин мазмуну жана жасалгаланышы боюнча кемчиликтери.** Жогорку илимий теориялык деңгээлде бай материалдардын негизинде даярдалган иште айрым мүчүлүштүктөр кездешет.

- тарыхнаамада Б.Солтоноевдин “Кызыл кыргыз тарыхы” советтик мезгилге киргизилген. Иш жүзүндө 1993 – жылы жарыяланган.

- тарыхнаамада темага түздөн түз байланышы бар С.И.Ильясовдун “Земельное отношение в Киргизии в конце XIX и начало XX века” (текстте бар) жана А.С.Сапелкиндин “Аграрные отношения в Киргизии в начале XX века” эмгектерине талдоо берилбей калган.
- изилдөөнүн методдорун бир жерде ыраатуу берүү керек. Алар 51,54,56,58,60 бб. чачкын берилген.
- текстте кездешкен орусча сөздөрдү (переселенческое, породалуу ж.б.) кыргызча берүүгө болот.
- практикалык сунуштарды кеңейтүү иштин баалуулугун артырат.

**8. КР УАКтын диссертацияларга коюлган талаптарга жооп бериши**

Пасанова Клара Балтабаевнанын “Салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүнүн трансформацияланышы (XIX к. экинчи жарымы – XX к. башы)” деген темадагы 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изиденип алууга сунушталган иши КР УАКтын окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө жобосунун талаптарына жооп берет. Андыктан, Пасанова Клара Балтабаевна 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**

**тарых илимдеринин кандидаты, доцент** **А. Бедельбаев**

А. Бедельбаевдин колун тастыктайм
КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ
15.11.2024